# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИНДЕ КУРБАНДЫК ЧАЛУУ ЖӨРӨЛГӨСҮ

**Dr. Durmuş ARIK**
Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / Türkiye

**ÖZET**

**TÜRK DİNİ İNANIŞLARINDA KURBAN UYGULAMASI**

Dinler tarihinde yüce varlık ya da varlıkların rızasını kazanmak, onların kötülüklerinden korunmak, onları teskin etmek niyetiyle çeşitli ibadet ve uygulamaların icra edildiği görülmüştür. Bu düşünceye bağlı olarak kurban törenleri ortaya çıkmış ve bu törenler dinlerde vazgeçilmez temel ibadetlerden biri olmuştur. Geniş bir coğrafyada yaşamakta olan Türk topluluklarında da kurban uygulamalarına büyük önem verilmiş, bu uygulama günümüze kadar hemen bütün Türk topluluklarında çeşitli şekillerde yaşatıla gelmiştir. Doğum, ölüm, toy-düğün, şölen ve bayramlar, yatır ve mezar ziyaretleri, bereket dilekleri, Tanrıya yakarış gibi çeşitli durumlarda Türkler kurban sunmuşlardır. Hem Müslüman Türk topluluklarında hem de diğer dinlere mensup Türk topluluklarında ortak kurban uygulamalarına rastlanmıştır. Bu ortaklığın nedeninin Türk topluluklarının eski inanışlarının günümüzdeki yansımaları olduğu düşünülmüştür. Bu makalede Türk Topluluklarının öteden beri çeşitli şekillerde koruya geldikleri Türk dini inanışlarında yer alan kurban uygulaması incelenmeye gayret edilecektir.

**Anahtar Sözcükler:** Türk Dini, Kurban, Kurgan, İbadet, İslam

## 1. Киришүү

Диндер тарыхына сересеп сала турган болсок, адамзат байыртадан бери улуу күч же күчтөрдүн ыраазычылыгын алуу, алардын ызгаарына калбоо, жамандыктардан корунуу максаттарында ар түрдүү ибадат жана жөрөлгөлөрдү жасап келишкен. Мына ушундай түшүнүктөрдүн негизинде курбандык чалуу жөрөлгөсү келип чыккан.[1] Универсалдуу феномен катары курбандык чалуу жөрөлгөсү эзелтен бери диндердин негизги ибадаттарынын бири катары аткарылып келген. Белгилүү бир убакытта жана жерде аткарылган курбандык чалуу ырасымы, түрдүү салтанат жана дубалар менен бирге коштолгон.

Кеңири аймакта жашаган түрк элдери, байыртадан бери курбандык чалуу жөрөлгөсүнө зор маани берип, учурубузга чейин аны ар кандай формаларда аткарып келишти. Түрктөрдүн социалдык жашоосунун ар бир этабында курбандык чалуунун маанилүү орду бар экендигин белгилеп өткөн изилдөөчүлөр, төрөлүү, өлүм-житим, той-тамаша, үйлөнүү-үлпөтү, кабыр жана мазар зыяраттарында, токчулуктун шаңына теңирге сыйынып курбандык чалып келишкендиктерин жазган. Бул макалада түрк элинин байыртадан бери ар кандай формаларда сактап келе жатышкан диний ишенимдеринде орун алган курбандык чалуу жөрөлгөсүнө токтолобуз.

## 2. Курбан сөзү жана курбандык чалуунун түрлөрү

Эски түрк жазууларындагы *"кергек"* сөзү, өлүм деген маанини түшүндүрөт. Якут тилинде да ушул эле тектен келген *"керех"* сөзү, курбандык деген мааниге келет.

---

[1] Караңыз: Ş. Gündüz, **Din ve İnanç Sözlüğü,** Ankara 1998, 226-б.; E.J. Shrape, **Dinler Tarihinde 50 Anahtar Kavram,** которгон. Ahmet Güç, Bursa 2000, 44-; A.R. Özkan, **Dinlerde Kurban,** Ankara 2003, 11-14-бб.

Байыркы көктүрк жазууларында ыйык деген маанини түшүндүргөн *"ыдук"* сөзү, теңирге сунулган жандык деген маанини да ичинде камтыйт. Теңирге курбандык сунуу үчүн багылып жаткан жандыктын үстүнө жүк артууга мүмкүн эмес. Ошондой эле ошол анын жүнүнөн жана сүтүнөн пайдалануу да туура эмес жүрүм- турум деп эсептелген.[2] Ыдук сөзү, *"ытык, ызык, ыйык..."* деген айтылыштарда Алтай, Енисей жана якут түрктөрү тарабынан колдонулуп келүүдө. Кыргыз жана казак элдеринде болсо, курбандык сөзү менен бирге, парс тилинен келген *"кудайы"* сөзүн да колдонушат.[3] Араб тилинде Аллага руханий жактан жакындоо максатында союлган жандык *"ухдиййе"* жана союу ырасымына *"тадхиййе"* деп айтылат.[4] Түркчөдө ушул эле максатта союлган жандык курбан сөзү менен түшүндүрүлөт.

Айрым диндердеги *"кандуу"* жана *"кансыз"* курбандыктын формаларын түрк элдеринин диний ишенимдеринен да кездештирүүгө болот. Кандуу курбандык катары негизинен жылкы, уй жана кой курбандыкка чалынат. Кансыз курбандык, ыйык деп эсептелген жерлерге, дарактарга же кандайдыр бир нерсеге чүпүрөк байлоо, тамак коюу, бир нерсе сунуу, отко ичимдик төгүү ж.б. формаларда аткарылат. Ошондой эле түрктөр, кансыз курбандык катары теңирге багыштап тоо-талаага кандайдыр бир жандыкты бош кое беришкен.[5]

### 2.1 Кандуу курбандык жөрөлгөсү

Көптөгөн кылымдардан бери көчмөн турмушта жашап келген түрк элдеринин эң эски ибадаттарынын бири *"кандуу курбандык"* жөрөлгөсү болуп саналат. Мындай курбандыктын негизин жылкы түзөт. Мунун далили катары Алтайдагы коргондордон (көрүстөндөрдөн) табылган көптөгөн жылкынын скелеттерин айтууга болот. Жылкыны курбандыкка чалуудан кийин кой курбандыгы келет. Кыргыз жана казак элдеринин эпосторунан, дастандарынан уйдун да курбандыкка чалынгандыгын кездештирүүгө болот. Азиянын түндүк аймактарында жашаган түрк элдери, курбандык катары жылкынын ордуна бугу союшкан. Байыртадан бери түрк эли

---

[2] Özkan, 63-б.

[3] Ü. Günay- H. Güngör, **Türk Din Tarihi,** İstanbul 1998, 77-б.

[4] Караңыз: Özkan, 11-12-бб.

[5] Азербайжан түрктөрүнүн азыркы ишенимдери боюнча, бир адам максатына жетүү үчүн кудайга курбандык атайт. Курбандык катары негизинен кочкор тандалат. Бул жандыктын башкаларынан айырмаланып туруусу үчүн моюнуна түстүү жиптерден токулган өрмө тагылат жана анын курбандык экенин көрсөтүү максатында белинде бираз жүн калтырылып калганы кыркылат. Ишеним боюнча бул жандыкка эч ким жада калса ууру да кол тийгизбейт. Себеби кол тийгизген адамды кудай жазалайт деген түшүнүк калк арасында кеңири таралган. Курбандык бир мезгили келгенде союлат. (Караңыз: Х.А. Халилов, **Азербайжан этнографиясы,** Баку 1991, 232-б.) Курбандыктын ушундай формасын Гагауздар "Аллахлык" деп айтышат. Алардын ишеними боюнча, адам эң жакшы жандыктардын бирин (негизинен торпок) тандап, тоого бош кое берет. Бул курбандык башка жандыктарга кошулбастан бөлөк багылат. Мындай жандыкка зыян тийгизүү күнөө болуп эсептелет. Гагауздар мындай айбанга бөрүлөр да кол салбайт деп ишенишет. Эгер бир айылда 6-7 "Аллахлык" курбандыгы болсо, атайын алар үчүн бадачы жалдалат. Бадачынын айлыгы айыл тургундары тарабынан дайындалат. Үчкө чыккан торпок курбандыкка даяр деп эсептелет. Того бош кое берилген жандык тууган-урук тарабынан кырманга алынып келинет. Кудайга курбандык атаган адам, союлган жандыктын этин бышырып башкаларга таркатат. Кудайдын курбандыкты кабыл кылуусу үчүн дуба окулуп бата кылынат. (Караңыз: H. Güngör- M.Argunşah, **Gagauz Türkleri,** Ankara 2002, 98-б.; Günay-Güngör, **Türk Din Tarihi,** 196-б.

курбандыкка эркек жандыкты тандап келишкен. Бирок кыргыз жана казак фольклорунда *"бээлердин"* да курбандыкка чалынгандыгын көрүүгө болот.[6]

Курбандык чалуу жөрөлгөсүнүн жол-жобосу түрдүү болсо да, негизинен курбандык чалынган малдын канын агызууга, сөөктөрдүн сынып кетпөөсүнө, иттерге берилбөөсүнө, отко таштабоого же болбосо жерге көмбөөгө көңүл бурулган. Кээ бир атайын аткарылган жөрөлгөлөрдөн кийин, союлган малдын сөөктөрү идишке салынып кайың дарагына илинген. Жылкынын баш сөөгү шыргыйга коюлган. Алтайлыктар жана якуттар союлган жылкынын терисин шыргыйга кийгизип, ат формасына окшоштуруп асып коюшкан. Алтайлыктар мындай салтка *"байдара"*, якуттар *"табык"*деп айтышат.[7]

.Түрк désинде курбандык чалуу ар кандай максаттарда аткарылган. Түрктөр, негизинен Көкө Теңирге курбандык сунушкан. Ошондой эле алар, ата-бабаларынын арбактарына, жер-сууга окшогон ыйык нерселерге да атап курбандык чалып келишкен. Ата-бабалардын арбактарына багышталган курбандыктын эки максаты бар: бири, өлүктүн зыянынан кутулуу; экинчиси, өлүктү өлүмдөн кийинки жашоосуна керектүү болгон нерселер менен камсыз кылуу. Ошондой эле кулдук уруу, дуба окуу, шүгүрчүлүк келтирүү, төрөлүү, үйлөнүү, өлүмгө окшогон окуяларга байланышкан курбандык чалуу жөрөлгөлөрү да бар. Жеңишке жетүү, тынчтыкты самоо, жамгыр каалоо, оорудан кутулуу үчүн да курбандык сунулган.

Түрк элинин курбандык чалуу жөрөлгөсүнө байланыштуу маалыматтарды эски тарых булактарынан арбын кездештирүүгө болот. Мисалы: кытай булактарынын эң маанилүүлөрүнөн бири болгон Вей-Шуда, байыркы мезгилдердеги түрк жана түрк дини жөнүндө төмөнкү маалыматтар берилген: *"Түрктөр чыгышка сый-урмат көрсөтүшөт жана хандын ордосуна чыгыштан киришет. Бардык түрктөр жыл сайын ата-бабаларынын үңкүрүнө кирип курбандык чалышат. Бешинчи айдын орто ченинде (10-20-күндөрдүн аралыгында) дарыянын жээгине барып Көкө Теңирге атап курбандык чалышат..."*[8]

Азиялык Гундар жылдын биринчи айында Танхундун сарайында жана жаз мезгилинде Лунг.Ченг (Онгын дарыясы) аймагында, Көк түрктөр менен уйгурлар ошол эле айда Тамыр суусунун жээгинде, Гундар болсо, күз мезгилинде Тай-Линде Көкө Теңирге, ата-бабалардын арбактарына, табият күчтөрүнө атап жылкы же койду курбандыкка чалышкан.[9] Түрктөр тоолорду асманга жакындыгынан улам, ыйык жана Теңир жайы деп эсептешип, Көкө Теңирге арнап курбандык чалуу аземин да ошол жерде аткарышкан. Кытай мамлекети менен болгон кызматташтык жана келишимдер Хундагы "Гун тоосу" деп аталган тоонун чокусунда курбандык чалуу жана ант берүү менен бекемделген.[10]

Негизинен бардык диндерде, жашоонун маанилүү барактары катары эсептелген жана адамга жаңы статус алып келген мезгилдерде бир топ жаңы ишеним жана жөрөлгөлөрдүн пайда болуусуна шарт түзөт. Диндер мындай окуяларга терең маани берип, аларга тийиштүү бир топ жаңы ирээттөөлөрдү жүргүзгөн. Төрөлүү, үйлөнүү жана өлүм-житимге байланышкан ишеним жана жөрөлгөлөр булардын эң

[6] Günay – Güngör, **Türk Din Tarihi,** 77-78-бб.
[7] Günay-Güngör, **Türk Din Tarihi,** 78-б.
[8] Günay-Güngör, **Türk Din Tarihi,** 48-б.
[9] İ. Kafesoğlu, **Türk Milli Kültürü,** İstanbul 2000, 302, 304-бб.
[10] Günay-Güngör; **Türk Din Tarihi,** 52-б.

негизгилери болуп саналат. Түрк дини да мындай маанилүү окуяларга көңүл кош мамиле жасаган эмес.

Түрктөрдүн төрөлүү жөрөлгөсү жөнүндө байыркы мезгилдерге таандык маалыматтар аз. Эски түрк элдеринин аңгемелеринде, эпосторунда жана дастандарында гана төрөт, баласыздык жана балалуу болууга тийиштүү ишеним жана жөрөлгөлөр кездешет. Мисалы: Деде Коркуттун аңгемелеринде, эркек балалауу болуу үчүн кандай жөрөлгөлөрдү аткаруу керек экендиги баяндалган. Манас эпосунда кысырлыгы жөнүндө арызданган Жакып хандын аялынын *"мазарларды зыярат кылбагандыгы, алмалуу жерде олтуруп айланбагандыгы, ыйык булактардын жанынан өтпөгөндүгү"* айтылат. Балалуу болуу үчүн ыйык жерлерди, дарактарды, мазарларды зыярат кылуу сыяктуу ишеним жана жөрөлгөлөр түрк элдеринин ишенимдеринде кеңири орун алса да, Ислам дининин келиши менен мындай жөрөлгөлөр адак (атоо) жана зыярат кылуу ишеним формалары катары Ислам дининин мотивдери менен тыгыз байланышып учурга чейин сакталып келүүдө.

Якуттарда балалуу болбогон аялдар ыйык дарактын түбүндө, ак боз аттын терисинин үстүндө *"жер ээсине"* дуба кыла тургандыгы айтылат. Ушул максатта ыдук курбандык жөрөлгөсү да кездешет. Кыргыз-казак элдеринин аялдары балалуу болуу үчүн ээн-талаа эрме чөлдө өскөн жалгыз дарактын түбүндө же болбосо ыйык булактын, суунун жанында кой союп түнү менен ал жерде калгандыгы баяндалат.[11] Муну менен катар түрктөрдө төрөлүү шаан-шөөкөт, салтанат менен коштолот жана көпчүлүк учурда курбандык чалынат. Түрктөрдө баланын төрөлүшү жана ага жарашыктуу аттын коюлушу, чоң тойлордун болушуна мүмкүнчүлүк түзөт. Ошону менен бирге бул аземде да жандык союлат.

Даталуу күндөрдө союлуучу курбандыкты эсептебегенде, эски түрктөр дарттан даба табуу максатында да курбандык чалышкан. Ошондой эле ар түрдүү кырсык, балакет, оору жана жаман акыбалдан кутулгандар, кудайга шүгүр кылып мал союшат. Кыргыздар мындай курбандык жөрөлгөсүнө *"кудайы өткөрүү"* деп айтышат.

Эски түрктөр төрөлүү, үйлөнүү жана ар кандай оору-сыркоодон кутулгандан кийин, ага аталып чалынган курбандыкка караганда, өлүмгө байланыштуу курбандык жөрөлгөлөрүнө терең көңүл бурушкан. Себеби, өлүм-житим үчүн союлган курбандыкты алар, өлүмдөн кийинки жашоо менен тыгыз байланыштырышкан. Бул түшүнүктү түрдүү диндерден жана маданияттардан ар кандай формаларда көрүүгө болот. Өлүктүн буюмдары, жакындары, минген аты жана кызматчылары менен бирге кабырга коюлушу, жогорудагы пикирди тастыктап турат. Эски түрктөр, өлүмдү жашоонун аягы эмес экендигине жана акырет жашоосунун бар экендигине ишенишкен. Мындай ишенимди дин тарыхында алгачкы мегилдерде түрктөрдөн да кездештирүүгө мүмкүн. Түрктөрдүн байыртадан бери өлгөн адамдарды ат жана куралдары менен бирге көмгөндүктөрүнүн себеби, өлгөн адам бейишке атын минип барат деген ишенимде болушкан.

Байыркы түрк элдеринде курбандык чалуунун эң эски мисалдарын, б.з.ч. 1-миң жылдыкта түндүк Кытайда мамлекет курган Жхоу уруусунан (б.з.ч. 1059-249) көрүүгө мүмкүн. Жхоуларда мамлекет башкаруучулары, чын ыкласы менен ата-бабаларынын арбактарына курбандык чалышкан. Жогорку даражалуу байлар, мамлекет башкаруучуларга белек катары койду белек катары тартуулашкан. Курбандыкка

[11] Günay-Güngör, **Türk Din Tarihi,** 81-б.

чалынган койлордун баштарын сыйынуучу жерлердин чокуларына асышкан.[12] Мындан сырткары Чыхон Хан маареке өткөрүү максатында уудан алынып келинген кийиктерди ата-бабаларынын сыйынган жерлеринде курбандыкка чалган.[13] Негизинен уучулук кылуу, курбандык чалуунун эски түрү катары түрк элдеринде диний ритуал өзгөчөлүгүнө ээ болгон. Якуттар менен Алтайлыктардын мындай жөрөлгөлөрдү аткарып келишкендиги буга далил боло алат. Каганлы түрк элдери андан кийинки мезгилдерде табгачлар жаман рухтардан сактануу үчүн кээ бир жерлерде курбандык чалышкан, ошол айбанды көмүшкөн, анын үстүнө гүл өстүрүп, кымыз төгүшкөн. Мындан сырткары табгачтар маареке өткөрүп дарак эккен, жашылдандырууну каган мурасынын символу катары эсептешкен. Кан чыгарып курбандык чалуу жөрөлгөсүн хундар, көктүрктөр жана башка түрк элдери дагы улантып келишкен. Мына ошондуктан эски түрк элдеринин дининде *«кан чыгарып курбандык чалуу жөрөлгөсү»* дайыма ибадат катары аткарылып, сакталып калган.

Өткөн доорлордо түрк элдери өлгөн адамдарды аркы дүйнөдө колдонуп пайдалансын деген максатта жылкылар менен койлорду курбандыкка чалышып, алардын баш сөөктөрү менен терилерин мазарлардын айланасына асышкан. Э. Эсин археологдордун *«курбандык чалуучу таш»* деп белгилеген зоолорду, ошол убактагы салттын элеси катары баалап, кыргыздардын баштапкы ата журтундагы Аксыз курбандык чалуу таштарында кан агызууда колдонулган куралдар жана жылкы менен мүйүздүү айбандардын сүрөттөрү бар экендигин айткан.[14]

Түрк элдеринде курбандыкка чалынган жандыктардын саны өлгөн адамдын аброюна карап белгиленген. Эл арасында аброю жогору болсо анда ал өлгөндө көптөгөн жандыктар курбандыкка чалынган. Эски түрк элдеринин ишениминде өлүм экинчи жашоонун башталгычы катары кабылданган. Мына ошондуктан өлгөн адам менен кошо анын буюмдарын, кээде анын минип жүргөн атын дагы мазарга көмүшкөн.[15] Муну менен бирге түрк элдери ата-бабаларынын рухтарынын жашагандыгына, алардын жашоодо өз таасирин тийгизерине ишенишкен. Мындай рухтарды алар *«тики»* деп аташкан. Тикилердин түн ичинде жашаган жерине, үйүнө келээрине ишенишкен.[16] Кашкарлы Махмут *«Диваны лугаты түрк»* аттуу чыгармасында *«тики»* сөсүнө төмөндөгүчө түшүндүрмө берген; *«Түн ичинде угулган жаңырык. Түрк элдери рухтардын мурда жашаган жерлерин жыл сайын түн ичинде келип элди зыярат кылгандыгына ишенишкен».*[17] Бул түшүндүрмөдө ата рухтарынын тирүүлөргө жакшылык же жамандык кылуу ишеними жана аларга ыразычылык билдирүү аталар культунун негизин пайда кылган. Мына ошондуктан аталарга карата жасалган урмат-сый жана аларга багышталып курбандык чалуу жөрөлгөсүнүн диндер тарыхында орун алышы, эски түрк элдеринин чоң маани бергендигин айгинелейт.

Тарыхый булактарда көптөгөн культтардын адамдардын курбандыкка чалгандыгынан кабар берет. Тарыхта түрк элдеринин адамды курбандыкка

---

[12] Emel Esin, *"İç Asya'da Milattan Önceki Bin Yılda Türklerin Atalarına Atfedilen Kültürler"*, **Türkler,** Ankara 2002, I, 499-б.

[13] Караңыз: Esin, I, 505, 512-513-бб.

[14] Esin, I, 499-б.

[15] Караңыз: P.W.Schimidt, *"Türklerin Dini"*, (которгон: S.Bulut, **İstanbul Edebiyat Fakültesi Türk Dili ve Edebiyatı Dergisi,** İstanbul 1966, 76-б.; J.P. Roux, **Türklerin ve Mogolların Eski Dini,** которгон: A. Kazancıgil, İstanbul 1994, 227-228-б.

[16] Мирали Сейидов, **Азарбайжан мифик тефеккурунун кайнаклары,** Баку 1983, 246-б.

[17] Mahmut Kaşgari, **Divan-ı Lugati't-Türk,** (которгон: B. Atalay), Ankara 1941, III, 230-б.

чалгандыгы жөнүндө маалыматтар болсо да, ошол маалыматтардын чындык менен эч кандай тийешеси жок экендиги айтылып келет. Ислам динини таралышынан мурда түрк элдеринин сөөктү көмүү салттарында мазарды жашыруу үчүн мазар кызматкерлерин өлтүргөндүктөрү белгиленген. И. Кафесоглу негизинен түрк элдеринде адамды курбандыкка чалуу жөрөлгөсү болбогондугун айтып, белгилүү кишилердин өлүмүндө мазарды жашыруу үчүн мазар кызматкерлерин өлтүрүү жөрөлгөсү адамды курбандыкка чалууга эч туура келбегендигин жана мындай нерсенин түрк элдери үчүн жат көрүнүш экендигин белгилеген.[18] Кээ бир булактарда өлгөн адамга аркы дүйнөдө кызмат кылсын деген максатта өлтүрүлгөн адамдардын санын көбөйтүп жазышса да, көптөгөн тарыхчылар мындай көрүнүштүн ашыры түрдө айтылгандыгын белгилешкен. Мындан сырткары түрк элдеринде адамды курбандыкка чалуу маселеси белгисиз бойдон калгандыгын белгилешип, кээ бир изилдөөчүлөр Бозкыр маданиятына таандык түрк элдеринин адамды курбандыкка чалышкан деген идеяны четке кагышкан. Алар түрк элдеринин кытайларга да мындай жөрөлгөнү орундатууга тыюу салгандыгын маалымдашат.[19]

Түрк элдери көптөгөн жандыктарды курбандыкка чалышкандыгы белгилүү. Жаназа салтында ар түрдүү жандыктар, анын ичинен өзгөчө жылкы курабандыкка чалынган. Жылкыларды курбандыка чалуу тууралуу эң эски маалыматтарды Херодот берген. Херодот Искит ханы өлгөндө курбандыкка чалынган жаш жоокер жана жылкылар жөнүндө маалымдаган. Адамдар ошол жылкылардын ханга аркы дүйнөдө кызмат кылаарына ишнишкен.[20]

992-жылы жаза баштаган чыгармасында Ибн Фадлан курбандык чалууга кеңири токтолгон. Ал огуз түрктөрүнүн сөөктү коюу салтына жана бул салтта союлган курбандыктар жөнүндө төмөндөгүдүй маалыматтарды берет; *«Огуздардан бирөө өлсө үйдө көлөмүндөй бир чуңкур казылат. Өлгөн адамга кийим-кечеги кийдирилип, кемери менен куралын таңышат… Анан ага таандык болгон бардык буюм-тыйымын, аны менен кошо чуңкурга коюшат. Өлүктү чуңкурга отургузуп, үстүн тахтай менен жабышат. Мазардын үстүнө ылайдан күмбөз курушат, өлгөн адамдын тирүү кезинде эгедер болгон мал жандыктарынын санына карап курбандык чалышат, анын этинен жешет, алардын баш сөөктөрүн, туяктарын, терилерин жана куйруктарын мүрзөнүн жанында өсүп турган дарака асышат. Алардын ою боюнча бул жандыктар 'өлгөн адамдын бейишке минип бара бурган жаңыбары'. Эгерде өлгөн адам тирүү кезинде душман өлтүргөн баатырлардан болсо, анда ошол өлгөн душмандын санына карап даракты адам түспөөлгө келтирип, аларды мазардын үстүнө орнотушкан. Эл буларды анын кызматчылары деп таанышып, алар өлгөн адамга бейиште кызмат кылышат» деп ишенишкен. Кээде курбандык чалуу ишин бир эки күндөн кийинкиге калтырышкан. Алардын ичинен бир карыя (шаман) курбандыкка чалынган жандыктарды тээзирээк өлтүрүүгө үндөйт: 'өлгөн адамды түшүмдө көрдүм дейт. Мага 'мени кара! Досторум менден узап кетишти. Аларга жетемин деп буттарымын асты жарага айланды. Өзүм жалгыз калдым' деп жатат' дейт. Мындан кийин өлгөндүн*

[18] Караңыз: Kafesoğlu, **Türk Milli Kültürü,** 304-307-бб.; Ибн Фадлан, Хазар түрктөрүнүн кагандары көмүлгөндөн кийин, мүрзөсүн жашыруу үчүн көмгөнгө катышкан адамдардын өлтүрүлгөндүгүн кабарлайт. Караңыз: **İbn Fadlan Seyahatnamesi**, даяр: R. Şeşen, İstanbul 1995, 81-б.

[19] Kafesoğlu, **Türk Milli Kültürü,** 305-307-; Günay-Güngör, **Türk Dini Tarihi,** 80-81-бб.

[20] Караңыз: Herodotos, **Herodot Tarihi,** которгон: M. Öktem, İstanbul 1991, IV, 72-б.

*жандыктарынан бир нечесин өлтүрүшүп, аларды мүрзөнүн жанына коюшат. Бир эки күн өткөндөн кийин карыя аларга кайра келет. Мага 'үйдөгүлөрүмө жана досторума кабар берип кой. Менден өтүп кеткендерге жеттим. Чарчоом жазылды' деп айтат.*[21]

План Карпин курбандык чалуу жөнүндө бир окуяга күбө болгондугун төмөндөгүчө баяндайт; «... *Көз жумган абройлуу киши чатырдын ичине отургузулат, алдына стол коюлат. Ошол столдун үстүндө кеседе эт жана кымыз толтурулган идиш болот. Байтал жана тай, мындан сырткары эгер жабдыгы менен жылкыны аны менен бирге көмүшөт. Жаназа салтында дагы башка жылкы союлуп, эти элге тартууланат. Териси саман менен толтурулуп, узун жыгачка астырылат. Анан эки же төрт казыктын үстүнө коздолуп мазардын үстүнө асылат. Ошентип өлгөн киши аркы дөйнөдө жашай турган үйгө, ага сүт берген, үйүрдүн көбөйүүсүнө шарт түзгөн жана мингенге жараган жылкыга ээ болот... Мындан сырткары жылкынын эти желгенден кийин анын сөөктөрү өлгөндүн руху ыракаттансын деген максатта күйгүзүлөт. Көбүнчө аялдар топтолушуп, жылкынын сөөктөрүн эркектердин рухуна багыштап жагышат....*» [22]

Диндер тарыхында түрк элдеринин курбандыкка чалынган жандыктын баарын же башы, териси жана куйругун казыка өткөрүүнүн ордуна, монгол империясынын тушунда жандыкты жыгачка асуу усулу өтө кеңири колдонулган. Азыркы учурда мындай жөрөлгөнү учуратуу мүмкүн.[23]

Ошондуктан Орто кылымдардагы саякатчылардын Орто Азияда өлгөн адам үчүн аттарын курбандыкка чалуу жөнүндөгү байкоолорунда Искит ханынын мүрзөсүнүн айланасын жыгачка тартылган жылкылардын элеси жөнүндө ырасталган. Ошондогу ишенимге көңүл бөлүп карай турган болсок, Искит ханынын мазарын коргоочулар кантип коруп турушкан болсо, бул жердеги жылкылар дагы мазарды коруу үчүн ошондой кызматты аткарышкан.

Француз кечили Руброк XIII кылымда кыпчак түрктөрүнүн мазарларында төмөнкүлөрдү көргөндүгүн баяндайт; мазардын айланасында ондон ашкан жыгачтын үстүндө жылкы териси бар экендигин, бул жыгач устундарынын төртөө төрт негизги багытты көрсөтүп тураарын, бул дүйнө жашоосунда кызмат кылган бардык нерсенин жаңы жашоодо да аларга кызмат кылаарына ишенгендиктерин, ошол мазарлардын үстүнө кымыз менен эт коюуларын белгилеген.[24] Доминикен кечили Винсент де Беауваис дагы ушуга окшош маалыматтарды берген; өлгөн адамдын достору жылкыны өлтүргөндөн кийин терисин сыйрып, мазардын үстүндөгү жыгачка асышкандыктарынан кабар берет. XIII кылымдын акырында башка Доминикен кечили Рикорд де Монте Крос болсо төмөнкүлөрдү баяндайт; өлгөн адамдын наамына атка жакшы чабарманды мингизип аны чаптырат. Андан кийин жылкыны өлтүрүп карын-ичегелерин чыгарышат. Жылкынын ичин жашыл чөптөр менен толтуруп, казыка кийгизет да казыктын учун жылкынын оозунан чыгарат. Анан аны мазардын башына орнотушат деп баяндайт. Бир кагандын жаназасына катышкан Ибн Батута да бизге түрк элдеринин курбандык чалуулары жөнүндө маалымат берет; кагандын мазарына

[21] **İbn Fadlan Seyahatnamesi,** 40-41-; Roux, **Türklerin ve Moğolların Eski Dini,** 224-226-бб.

[22] O. Belli, **Kırgızistan'da Taş Balbal ve İnsan Biçimli Heykeller,** İstanbul 2003, 25-б.

[23] Караңыз: J.P.Roux, **Eskiçağ ve Ortaçağ'da Altay Türklerinde Ölüm,** которгон: A. Kazancıgil, İstanbul 1999, 286-б.

[24] B.Öğel, **Türk Kültür Tarihi,** Ankara 1991, 296-; A.İnan, **Tarihte ve Bugün Şamanizm,** Ankara 2000, 179-б.

ошол жерде чабылып чарчаган төрт жылкыны алып келишкенин, мазардын айланасына чоң бир устун тургузгандыктарын, төрт жылкынын аркасынан казык өткөрүлүп устундарга асышканын кабарлайт. Мындан сырткары каганга туугандыгы бар кишилерден он чактысы өлтүрүлүп, үйүндөгү буюмдары менен курал-жарактарын кошо көмүшкөндүгүн, ошол мазарлардын ар биринин үстүнө үч жылкынын карама-каршы багытта коюлгандыгын жана жанындагы мазардын ар биринин жанына бирден жылкыны өлтүргөндөрү маалымдалат.[25] Радлофтун байкоосунда Алтайлыктар курбандыкка чалган жылкылардын башын Күн чыгыш жака каратып коюшат.[26] Ошол эле учурда жылкылардын терисин жыгачтарга асуу салты жылкы курбандык чалуу жөрөлгөсүнүн өнүккөн доору катары эсептелет.[27] Курбандыкка чалынган жандыктардын баш сөөктөрүн казыктарга асуу жөрөлгөсүн көктүрктөр VIII кылымдарда орундатышкан.[28] Мындай жөрөлгөлөр түрк элдеринин сөөктү коюу салты жөнүндө маанилүү маалыматтарды берип, алардын өлгөн адамдарга багыштап курбандык чалгандыктарын кабарлайт.

Негизинен VIII жана X кылымдарга таандык түрк элдеринин мазарларында эркектин жанында жылкы, аялдын жанында кочкордун бар экендиги такталган. Уйгур мазарларында курбандыкка чалынган жандыктарды көп эле жолуктурууга мүмкүн. Орто Азиянын аймактарында орун алган коргондордо өлгөн адам менен биргеликте жылкыны көмгөндүктөрүнө күбө болобуз. Кыргызстанда орун алган коргондордо мазардын ичинен адам менен бирге жылкынын сөөктөрү табылган.[29] Азыркы учурга чейин эски ишенимдерин сактап келе жаткан алтайлыктар менен якуттар да жылкыны курбандыкка чалып келе жатышат. Жаназада союлуп өлгөн адам менен кошо мазарга коюлган жылкылар, XVIII кылымга чейин салт катары улантылган. Ислам дининин таасиринен улам казактар менен кыргыздар мазарга өлгөн адам менен бирге жылкы көмүүнү токтотушкан, бирок жаназа салтында жылкы союуну улантып келишүүдө.

Өткөн доорлордо түрк элдери жаназа салтында өлгөндөрдүн элесине карата аш беришкен. Маарекеде курбандыкка чалынган жандыктардын саны жүздөп саналат. Кашкарлы Махмуд бул ашты *«юг»* деп атаганын кабарлап, ага төмөндөгүчө түшүндүрмө берген; *«кайгы-муң, аза, сөөк коюлгандан кийин үч же жети күнгө чейин берилген тамак».*[30] Бул мааниде *«юг»* сөөк коюлгандан кийин үчүлүгүндө же жетилигинде берилген тамактын аты. Кашкарлы Махмуд өзгөчө *«юглады»* (өлгөн адам үчүн тамак берди) сөзүн түшүндүрүп, анын түрк элдерине таандык салт болгондугун маалымдайт.[31] Юг маарекесин кам (шаман) башкарган. Огуздардын көпчүлүгү аш берүү жөрөлгөлөрүн өткөзүшүп, ага *"жоктоо ашы"* деп аташканы белгиленген.[32] Ибн Фадлан огуздардын жаназа жөрөлгөлөрүндөгү курбандыктары жөнүндө төмөнкүлөргө токтолот: *"... андан соң жаназага арналып союлган жандыктардын жанына барышып, аларды бирден жүзгө чейин же эки жүзгө чейин*

---

[25] Belli, 26-б.
[26] W. Radlov, **Sibiryadan,** которгон: A. Temir, İstanbul 1956, II, 29-б.
[27] Radlov, II, 29-б.; İnan, **Tarihte ve Bugün Şamanizm,** 179-б.
[28] A. İnan, *"Nazarlıklar"*, **Türk Folklor Araştırmaları,** 1963, sayı: 169, 31-39-бб.
[29] Караңыз: Belli, 27-б.; Юлий Худяков, *«Тоолуу алтайдагы кыргыздар»,* **Кыргыздар**, даяр. К. Жусупов, Бишкек 1995, III, 140-143-бб.
[30] Mahmud Kaşgari, **Divan-ı Lügati't-Türk,** которгон: Besim Atalay, Ankara 1941, III, 143-б.
[31] Mahmud Kaşgari, III, 309-б.
[32] Сейидов, **Азарбайжан мифик тефеккурунун кайнаклары,** 300-б.

*санашып, курбандык чалышат. Алардын эттерин жешет..."*[33] Маркумду көмүүдөн мурун чалына турган курбандык жөрөлгөсү, кыргыздардын Манас дастанында да орун алган.[34]

Маркумга арналган курбандык жөрөлгөсүндө даярдалган курбандык негизинен жөрөлгөгө катышкандар менен биргеликте желет. П. Карпин курбандык катары союлган жылкынын эти желип, сөөктөрү маркумдун арбагына багышталып өрттөлгөнүн, өзгөчө, аялдар топтолушуп, жылкынын сөөктөрүн эркектердин арбагына багыштап өрттөгөнү туурасында кабар берет. XVIII кылымдын биринчи жарым жылдыгында Орто Азияда илимий изилдөөлөрү менен алектенген Гмелин курбандык жөрөлгөсүндө союлган жылкынын бир бөлүгүнүн желгенин, калган бөлүгүнүн маркум менен бирге көмүлгөнүн баяндайт. Бир кыргыз шахзааданын жаназасына катышкан Аткинсон да, бул жөрөлгөдөгү тамак-аштар маркумдун шарапаты үчүн желгенин, маркумдун кадыр-баркын жогорулатуу үчүн жүз жылкы, миң кой союлганын айтат. Жогорудагы маалыматтар жаназа салттарында жаназага келгендерден тышкары, маркум үчүн да тамак-аш даярдалганынан кабар берет. П. Карпин мазарларда маркумдун маңдайына стол жайгаштырышып, анын үстүнө карапага толо эт менен бир кумура кымыз коюлганы туурасында маалымат берет. Рубрук да татарлардын жаназа салттарынын жогорудагы жөрөлгөлөргө окшоштугун белгилеп, татарлардын да мазарларына кымыз жана тамак-аш коюшканын кабарлайт.[35]

Маркумга арналган курбандык жана зыяпат салттары түрдүү мезгилдерде аткарылганын байкоого мүмкүн. Учурда түрк тектүү элдер маркумдун үчүлүгүн, жетилигин, кыркын, жана жылдыгын эскерүү максатында тамак-аш беришет. Илимий изилдөөлөрүн Орто Азияда жүргүзгөн Кастагне маркумдун жылдыгына арналган тамак-аш туурасында; бир жылдан кийин маркумду эскерүү үчүн жандык союлуп, тамак-аш даярдалганын жана кызыктуу мелдештердин өткөрүлгөнүн белгилейт. Эскерүү ашында (өлгөн адамды эскерүү максатында берилген аш) казактарда, кыргыздарда жана Турфан татарларында ат жарыштары салтка айланган көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Азыркы күндө Кыргызстанда жана Казакстанда адам өлгөн күнү жылкы союлуп, аш (кара ашы) берилет. Бул салт маркумдун үчүлүгү, жетилиги, кыркы жана жылдыгында да аткарылып, кээ бир учурларда көп ысырапкерчиликке себеп болгондуктан, экономикалык жагдайга көз каранды болот.[36] Ошондуктан ушул күндөрдө колунда бар адамдарга арналган аш берүү тойлорунда ат жарыштарын кезиктирүүгө болот. Кыргыз элинде маркумду өлгөндөн тартып үч айт эскерүү керек. Бул жагдай *"өлгөн адамдын үч айттыгы өткөрүлөт"* деген сөздөр менен айтылат. *"Эскерүү салты"* деп аталган бул жөрөлгөдө адам өлгөндөн тартып айт майрамдарында *"айттык"* деп аташкан курбандык чалышып, маркумга дуба

---

[33] **İbn Fadlan Seyahatnamesi,** 40-б.

[34] *"...Өлүктү кылып шаанилүү, өзөк сөз айтып маанилүү, түнүдүгүңө бээ союп, түштүгүңө тай союп, жагынага кой союп, аябастан малымды, чеңээштеп алам алымды..." "Кара ашына токсон сойдуруп, конок ашын жүз кылып, кадырлай келген адамды, кардын сыйлап тойдуруп... "* **Манас,** Ред. Т.Ф. Владишевская, А.А. Королева, ж.б. Москва 1990, 17-б.

[35] Belli, 30-б.

[36] Караңыз. Бөрүбай Кененсарин, *"Ай-Тойлор"*, **Кыргыздар,** түз. К. Жусупов, Бишкек 1993, II, 566-б.; Д. Арык, *"Кыргыз элинин ишенимдеринде курбандык чалуу жөрөлгөсү"*, **Вестник ошского государственного университета специальный выпуск,** Ош 2004, 36-38-бб.

кылышат.[37] Бул салт үч жолу аткарылышы шарт. Көптөгөн кыргыздар курбадыктарын арапа күнү чалышат.

Учурда христиан growth динде деп билинген чуваштарда да курбандык чалуу салттарын жолуктуруу мүмкүн. Чуваштарда чогулуп чалына турган курбандык салттарынын белгилүү убактысы жок. Улуу теңирге багышталган курбандыктардан башка курбандыктар чуваштардын жашоо шарттары менен байланыштуу. Алар жакшы түшүм алган жылы же тилектери кабыл болгон жылдары курбандык чалууну өздүрүнүн ыйык милдети катары көрүшпөйт. Бирок талаа жумуштары алга жылбай калган учурларда курбандык чалышат. Чоң курбандык салттарында жылкы союлат. Эгер курбандыкка атайын даярдалган мал, кочкор сыяктуу жандыктар болсо алар да союлат. Курбандык салттарына ылайыктуу тамак-аштар негизинен нан, ботко, бал, каймак жана жумуртка болуп саналат. Курбандык салты үчүн ар дайым күрүч боткосу жасалат. Күрүч жок болсо таруу же гречиха боткосу жасалат.[38]

Чуваштарда курбандыкка чала турган жандыктар суу менен сындалгандан соң союлат. Курбандыкты союудан мурун анын башы менен жонуна муздак суу куюлат. Суу куюлгандан кийин жандыктын титиреши, теңир тарабынан курбандыктын кабыл алына турганын түшүндүрет. Эгер титиребей турган болсо, ал жандык союлбайт. Титиребеген курбандыктын теңир тарабынан кабыл алынбай турганына ишенишет. Ошондуктан кээ бир учурларда курбандык титирегиче суу куюга чейин барышат.[39] Чуваштар курбандыктан башка да түрдүү жөрөлгөлөрдү жана майрамдарды өткөзүшүп, ал учурларда да курбандык чалышып, тамак-аш беришет. Чуваштардагы курбандык салттарынын аягында союлган жандыктын негизги бөлүгү келген конокторго тартылат.

### 2.2 Кансыз Курбандык жөрөлгөлөрү

Түрк элдеринин диний тарыхында кансыз курбандык жөрөлгөлөрүн да кездештирүүгө болот. Байыркы Түрк диндеринде *"чачыла"* деп аталган багыштардын, *"йалама"* жана дарактарга же шамандын барабанына чүпрөк байлоо сыяктуу жөрөлгөлөрү маанилүү орунду ээлейт. Өзгөчө көчмөн калктарда сүт, кымыз жана май

[37] Казактарда өлгөн күнү кочкор союлат. Ал түнү "конак ас" (маркумдун ашы) даярдалат. Жаназа жөрөлгөсүнөн кийин ашы тартылат. Маркумга арналган зыяпат үчүнчү, жетинчи күндөрүндө, кыркында, жүзүнчү күнүндө, жылдыгында берилет. Зыяпат Ислам динин курбандык чалуу салтына ылайык жылкы же кочкор союлат. (Ş. K. Ahmetova, *"XX. Yüzyılın Sonlarında Batı Sibirya'da Şehirli Kazakların Kültürü"*, **Türkler**, Anklara 2002, XX, 749-б,

[38] Н. Ашмарин, *"Введение в курс Чувашской народной словестности"*, **Исследования по Чувашскому фольклору,** (ИЧФ), Чебоксары 1984, 11-б.

[39] Крз. В.П. Вишневский, **О религиозных поверях Чуваш,** Казан 1846, 11-12-бб; Н.М Маторин, **Религия и народов Волско-Камского края,** Москва 1929, 51-б. Чуваштардын байыркы ишенимдерине караганда чочко курбандык үчүн ылайыктуу жандык болуп саналбайт. Тарыхта Чуваштар чочкону жакшы көрүшпөгөндүктөн чочко багышпаганы жана этин жешпегени айтылат. Чуваштардын ишениминде чочко көргөн нерсенин баарын жейт. Чуваштар арасындагы уламыштардын биринде чочко нанкөр бир жандык болуп саналат. (Н.И. Ашмарин, *"Введение в курс Чувашской народной словестности"* ИЧФ, Чебоксары 1984, 11-б). Айрыкча Чуваштар жылкынын этин жакшы көрүшкөнү, христиан болушпагандар жылкынын этин жешти улантканы, Татарлардаы тууращып чочконун этин жебегени, христиандык жайылгандан кийин чочконун этинен баш тарта албаганы айтылат. (Н. Архангельский, *"Материалы этнографические"*, **Известия общество археологии, истории этнографии,** (ИОАИЭ), Казан 1911, XXVI, с.6 640-б).

чачылалары аткарылат. Көктүрктөр доорунда кымыздын жерге, очоко жана төрт негизги тарапка чачыла катары колдонулганы белгиленет.

Түрк тилдүү элдер байыртадан бери отко урмат көрсөтүшүп, аны ыйык деп эсептешип, жамандыктардан арылтуучу өзгөчөлүккө ээ экенине ишенишет. Алтай жана якут түрктөрүндө отко курбандык тартулоо жана отко тамак-аш бөлүү жөрөлгөлөрү бар. Саякатчылар менен этнологдор аварларда, чуваштарда, кыргыздарда жана якуттарда сууга, отко, топуракка, жылдыздарга жана дарактарга карата чачыла жөрөлгөсүн аткарышканын жана үйлөнүү салттарында отко үч жолу куйрук майын чачуу жөрөлгөлөрүн кеңири колдонушканын белгилешет.

Түрк тилдүү элдер *"келин алуу"* салттарында байыртадан бери *"чачыла"* жана *"курбан"* жөрөлгөлөрүн колдонушат. Түрк тилдүү элдердеги үй бүлөөгө берилген маани үйдүн, эшиктин жана коломтонун ыйык деп эсептелиши менен натыйжаланган. Якуттарда кыз качыруу жолу менен үйлөнүү өнөкөттөрү кээ бир коргоочу жөрөлгөлөрдүн пайда болушуна мүмкүнчүлүк түзгөн. Буга мисалы катары кымыз чачыласын айтууга мүмкүн. Анткени кымыз жин шайтандарга жана коркунучтардан коргоочу функциясын аткарып келген. Кыргыз-казактардагы жана башкырттардагы келиндин коломтодогу отко май чачып, таазим кылуусу (сажда), башкырттардагы келиндин кайнатасы ичкен дарыяга, булакка жана көлгө акча чачуусу, от менен суугa байланышкан коргоочу жөрөлгөлөр деп бааланган.[40] Түрктөрдө үйлөнүү салттарындагы чачыла жөрөлгөлөрү азыркы күндө да улантылып келет. Бул жөрөлгөлөрдүн түпкү тамырын алардын диний ишенимдери түзөт.

Тува түрктөрү теңирге жана ыйык тоолорго кансыз курбандык чалышат. Бул жөрөлгөдө алгач сүт дубасы окулуп, андан соң бир казан сүт ичилет, ошол эле учурда сүт үч манжа менен асманга чачылат. Ошол учурда: *"Эй Теңирим! Сенин берген тартууларыңа болгон күчсүздүгүмү кечир! Сүт сенин бизге берген тартууң, аны сен бизге бердиң. Мен да муну сага тартуулап жатам. Сага болгон ыраазычылыгым катары кабыл кыл. Алтын тоолорум! Мени жана үй бүлөөмдү кечир. Бизге берекет бер. Мен да сага дуба кылып жатам. Калкымы кечир жана аны корго!"*[41] деп дуба кылынат.

Христиан динине кирген түрк коомдорунан бир болгон чуваштарда да кансыз курбан жөрөлгөсүн жолуктурууга болот. Алар теңирге, периштелерге жана жин-шайтандарга буудайдан жасалган тамак-аштар, ботко, нан, акча, жумуртка, сүт, туз, пиво ж.б.у.с. нерселерден кансыз курбандык чалышат.[42] Чуваштарда мындан сырткары чачыла катары аялдар токуган нерселер, кийим-кечелер жана тыйындар колдонулат.

### 3. Корутунду.

Түрк элдеринин диний тарыхында курбандык жөрөлгөсү маанилүү феномендердин бири экени талашсыз. Жашоонун ар бир этабында; төрөлүү, үйлөнүү, той, жаназа, түрдүү коркунучтардан же оору сыркоодон сактануу сыяктуу

[40] Günay- Güngör, **Türk Din Tarihi,** 84-б.

[41] Özkan, 85-б.

[42] Караңыз: А. Фукс, **Записки о Чувашах и Черемисах Казанской губернии,** Казан 1840, 19-22-бб; В. Магнитский, **Материалы к обьяснению старой Чувашской веры,** Казан 1881, 11, 26-33, 66-111, 180-бб; Н. Никольский, *"Краткий конспект по этнографии Чуваш"*, ИОАИЭ, Казан 1911, XXVI, с. 6, 587-588-бб; Маторин, 51-б; А. Салмин, **жертвенные дары у чувашей,** Чебоксары 1996.

учурларда курбандык жөрөлгөлөрүн колдонушканын көрүүгө болот. Азыркы күндө кан чыгарылган жана кансыз курбандык салттары Орто Азиянын жана башка түрк коомдорунун жашоолорунда түрдүү формаларда улантылып келет. Түрктөрдөгү курбандык жөрөлгөлөрү, байыркы ишенимдери Ислам дини менен жуурулушуп, жашоонун ар бир этабында аткарылып келгенин көрүүгө болот. Ошону менен катар түрктөрдүн Ислам динин кабыл алгандан кийин курбандык жөрөлгөлөрү Ислам дининин ыкмаларына ылайык аткарылып келе жатканын байкоого болот. Бирок мусулман түрк коомдорундагы курбан айт майрамынан башка күндөрү аткарылган курбандык жөрөлгөлөрү байыркы түрк элдеринин диний ишенимдери менен жуурулушуп кеткени көрүнүп турат. Айрыкча байыркы диний ишенимдерин улантып келген же Ислам动 дининен башка диндерди кабыл алышкан түрк тилдүү элдер да кан чыгарган жана кансыз курбандык жөрөлгөлөрүн аткарып келишет.